## №13 Испан Абдрахманов орто мектебинин соц.педагогунун ишинин анализи

## 2022-2023- окуу жылы.

2012-2023- окуу жылында социалдык педагогдун коюлган максаты: жалпы окуучулардын социалдык жактан курамын аныктоо,томолой жетимдердин,жарым жетимдердин ата-энеси чет өлкөдө иштеп жаткан окуучулардын тизмесин тактоо,турмуш шарты оор,мүмкүнчүлүгү окуучулардын жана жеке окууда окууга муктаж окуучуларды, окууга тартылбай калган окуучулардын, мектептин ички көзөмөлүндө турган "Тобокел топтогу" окуучулардын тизмесин тактоо.

Коюлган максаттын негизинде "Класстын,мектептин социалдык паспорту түзүлдү".

| № | Мектеп №13 И.Абдрахманов Орто мектеби | Атасы каза болгон жарым жетим балдардын саны | Энеси каза болгон жарым жетим балдардын саны | Ата-энеси ажырашкан балдардын саны | Турмуш шарты оор балдардын саны | Көп балалуу Үй-бүлөнүн саны | Ата-энеси чет өлкөдө жүргөн балдардын саны | Жалгыз бой энелердин саны | Ф63 мед.справкасы жок окуучулардын саны | Өнөкөт оорусу менен ооруган окуучулардын саны. | Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | 21 | 8 | 61 | 29 | 42 | 47 | 14 | 15 | 3 | 3 |
| 2 | Мектеп окуучулардын жалпы саны | 823 окуучу | | | | | | | | | |

Үй-бүлө менен иштөөдө сабакттан жетишпеген балдардын ата-энелери менен чогулуштар уюштурулуп, сүйлөшүү иштери жүргүзүлүп жатат.Тарбияга оорчулук келтирген балдарга тез-тез көзөмөл жүргүзүлүп жатат.Ата-энелерге балдарына болгон жоопкерчилигин күчөтүү жөнүндө ата-энелер келишими жана жеке консультатциялар берилди.

Ошондой эле балдардын укуктук билим денгеэлин жогорулатуу максатында "Бала укуктары" тууралуу конвенция менен окуучулар арасында тааныштыруу иштери жүргүзүлдү.Балдарды "зордук-зомбулуктан сактоо" жана балдар арасында "суицид" проблеммасын алдын

алуу максатында окуучулар,ата-энелер менен жекече маектешүүлөр жүргүзүлүп жана видео роликтер даярдалып,ата-энелер чогулушунда көрсөтүлдү.

Ошондой ДЦП окуучуларга "Досума жардам" акциясы уюштурулуп мектеп окуучулары, мугалимдер тарабынан акчалай, жумшак оюнчуктар жана концелериялык белектер берилди.

Андан сыртары турмуш шарты оор,жарым жетим балдарга мектептин ашканасынан тамак-аш уюштурулуп берилди.

Профилактикалык кеңеш жана ИДН инспектору менен "Кылмыштуулукту алдын алуу" максатында түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп жатты.

Декабрь айында "Рекетчиликти алдын алуу" аттуу рейд жүргүзүлгөн,рейд учурунда мектеп ичиндеги окуучулардан комп. каналарда көчөлөрдө биздин мектептин окуучулары аныкталган жок.

"Ишеним кутучаны" ачып ар ай сайын админстратциянын көзөмөлүнөн өтөт, 5 ай ичинде Ишеним кутучага эч кандай арыз-доо каты түшкөн эмес.

2023-жылдын башынынан төмөнкүдөй максат,милдеттер коюлду.

1.Үй-бүлөлүк көйгөйлөрдүн соц.жетимдиктин балдарга карата зомбулуктун жана коомго жат жүрүм турумдун,кароосус калуунун алдын алуу.

2.Окуучуларга жана ата-энелерине билим алууда,өнүгүүдө социалдашууда көйгөйлөру бар же соц жактан жабырланган тобокел тобундагы балдарга өз убагында социалдык педагогикалык психологиялык жана уктуктук жардамдарыды көрсөтүү.

3.Балдарга социалдык коргоо көрсөтүүгө багытталган багытталган социалдык жана маалыматтык жардам берүү.

4.Балдардын укук бузууларын алдын алуу.

5.Балдар арасында сергек жашоо образын жайылтуу жана ар кандай кружокторго тартуу.

Директор: Эрматов А.К.

Соц.педагог: Абдураимова Б.А.